"БЕКИТЕМИН"
Б.Осмонов атындагы
ЖАМУ ТИПФнын деканы
________________
"____"________2021-ж.

# Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык факультетинин 2022-2026- жылдарга карата СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНЫ

Таш-Көмүр-2021

# 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1. Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык факультетинин (ЖАМУ ТИПФ) 2022-2026-жылга чейинки стратегиялык планы Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын, КР туруктуу өнүгүүсүнүн 2040-жылга чейинки «Таза Коом- Жаны Доор» Улуттук стратегиялык планынын "Бел болчу билим, из калтырчу илим» программасынын, ЖАМУнун Уставынын негизинде иштелип чыкты жана ал жалпы билим берүү уюмундагы жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндөгү билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга тиешелүү бардык пландарды, процесстерди, иш-аракеттерди жана натыйжаларды документтештирүүгө коюлуучу талаптарды аныктайт.

2. 2022-2026-жылга чейинки стратегиялык планында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

1. **академиялык бедел** - сунушталган билим берүүнүн сапатынын коомдук аң-сезимдеги же кесиптик бирикмедеги деңгээли;
2. **билим берүүнүн сапатынын менеджментинин документтештирилген тутуму** - билим берүү уюмундагы билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга тиешелүү бардык пландарды, процесстерди, иш-аракеттерди жана натыйжаларды документтештирүүгө жол берүүчү тутум;
3. **кызыкдар тараптар** - билим берүүнүн жогору сапатына кызыкдар мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, окугандар (студенттер), алардын ата-энелери, билим берүү уюму, жумуш берүүчүлөр, социалдык өнөктөр;
4. **билим берүү уюмунун миссиясы** - билим берүү уюмунун өз дараметин обңективдүү баалоодон келип чыккан стратегиялык негизги максаттары;
5. **билим берүүнүн максаттары** - билим берүүчү уюм өзүнүн бүтүрүүчүлөрүндө тийиштүү адистик (кесип) боюнча компетенциясынын болушуна жетүү үчүн умтулган максат;
6. **билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты** - билим берүү уюмунун окумуштуулар же педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилген документтердин жана ишке ашыруу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга алып баруучу пландалган мезгилдүү жол-жоболордун (иш-аракеттердин) жыйындысы;
7. **негизги билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
8. **даярдоонун багыты** – ар түрдүү профилдеги, фундаменталдуу даярдоонун жалпылыгы негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;
9. **профили** - негизги билим берүү программасынын конкреттүү бир түргө багытталышы жана (же) кесиптик иш обңектиси;
10. **компетенттүүлүк**-тийиштүү тармакта кесиптик иш жүргүзүү үчүн зарыл жекече сапаттардын, билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн

кыймылдуу комбинациясы;

11. **окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.

Бел болчу билим, из калтырчу илим – ЖАМУ ТИПФнын кесиптик жана илимий потенциалын өнүктүрүү, студенттерге сапаттуу билим берүүнү, жөндөмүн жана компетенттүүлүгүн жогорулатууну камсыз кылуу, билим берүү, илим системалары жана иш берүүчүнүн ортосундагы байланышты экономикалык приоритеттүү болгон нормативдик-укуктук, финансылык базаны жакшыртуу менен күчөтүү, мындан сырткары университеттин ишмердүүлүгүндө билим берүү, илим изилдөө иштерин башкарууда жана тиешелүү жыйынтыктарга жетишүү үчүн долбоордук жана конкурстук мамилелерди жайылтуу.

# КИРИШҮҮ

Таш-Көмүр шаарында жогорку окуу жайдын ачылышы СССРдин убагында же болбосо 1990-жылга туура келет. Бул боюнча атайын уюштуруу комиссиясы түзүлүп, алар Таш-Көмүр жарым өткөргүч материалдар заводун, №111-кесиптик техникалык окуу жайын, Таш-Көмүр, Шамалдуу-Сай ГЭСтерин, «Таш-Көмүр курулуш» трестин жана «Таш-Көмүр» шахта башкармалыгынын кадрларга муктаждыгын аныктаган. ФПИнин Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин негизинде 1990-жылы 29-марттагы ректордун №30-буйругу менен Майлуу-Суу шаарындагы окуу-консультативдик борборунун материалдык-техникалык базасын көчүрүү менен ФПИнин Таш-Көмүр шаарындагы кечки факультети ачылган. Факультеттин деканы болуп т.и.к., доцент С.Жумагулов дайындалган. С.Жумагуловдун жетекчилиги менен Майлуу-Суу ОКБнын тажрыйбалуу окутуучулары, китепканасы жана материалдык-техникалык базасы Таш-Көмүр шаарына которулган. Биринчилерден болуп факультеттин базасын түзүүдө, студенттерди кабыл алууда жана окуу иштерин уюштурууда А.Каримов, А.Ызабеков, Ы.Кудайназаров, Н.Саралаев, А.Акматкулов ж.б. кызматкерлер чоң салымдарын кошушкан.

1993-жылы т.и.к.доцент Шайдылдаев Бусурманкул Анарбекович - Таш-Көмүр технологиялык факультетинин деканы болуп дайындалган. Ага чейин бир жылга жакын декандын милдетин аткаруучу болуп физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Ызабеков Абдували Ызабекович кызмат өтөгөн. А.Ызабековдун жетекчилиги менен алгачкы лабораториялар, кабинеттер түзүлгөн. 1992-жылы факультеттин алгачкы “Жалпы техникалык илимдер” кафедрасы түзүлүп, анын башчысы болуп Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен т.и.к., доцент А.Каримов шайланган.

1995-жылдан бери Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык факультетин т.и.к., профессор Сооронбаев Манасбек Раишбекович жетектеп келүүдө.

Факультеттин материалдык-техникалык базасы учурдун талабына шайкеш келет. Көптөгөн алгылыктуу иш-аракеттеринин натыйжасында, факультет 2 окуу корпусуна, 1 кинотеатрга, 4 илимий кафедра, 4 борборго жана заман бап жаңы типтеги спорт залга ээ болду.

Акыркы жылдары башкы окуу корпустун имараты толугу менен оңдолду, студенттик ашкана оңдолуп түзөлүп, медпункт ачылды, “Электроэнергетика жана электротехника” багытынын студенттери үчүн “ТИПФ-35/10” окуу полигону курулду. Дене тарбия сабагы жана ден-соолукту чыңдоо максатында машыгуу залы ишке киргизилди. Факультеттин шартында 16 окутуучу илимдин кандидаттары болушту жана калган профессордук-окутуучулар курамы да илим изилдөө иштерин жүргүзүшүүдө.

## 1. ЖАМУ ТИПФнын стратегиялык планынын миссиясы, максаты жана маселелери

**ЖАМУ ТИПФнын миссиясы**: өлкөбүздүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө теориялык жана практикалык жактан салым кошкон, жогорку илимий жана кесиптик потенциалга ээ атаандаштыкка жөндөмдүү кесипкөй адистерди даярдоо.

**Максаты**: факультеттин инновациялык өнүгүшүнүн натыйжасында билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу менен квалификациялуу адистерди даярдоо.

**Маселелери**:

1. Билим берүү сапатынын менеджмент системасын иштеп чыгуу;
2. Билим берүүдө окутуунун практика багытталган формаларын колдонуу;
3. Окуу процессин башкаруунун автоматташтырылган системасын өркүндөтүү;
4. Факультеттин профессордук-окутуучлар курамынын жана кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуунун системалаштыруу;
5. Профессордук-окутуучлар курамынын студенттердин илимий-изилдөө иштерин уюштуруу;
6. Студенттердин ар тараптуу өнүгүүсүн камсыз кылуу;
7. Факультеттин билим берүү системасын баалоо жана монитринг жүргүзүү;
8. Кабыл алуу планын аткаруу жана бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун камсыздоо;
9. Материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү;
10. Социалдык өнөктөштөрдүн аймагын кеңейтүү;

ЖАМУ ТИПФнын өнүгүү стратегиясы күтүлүүчү натыйжаларга багытталган өнүгүүнүн багыттары менен аныкталган, ал эми өнүгүүнү ишке ашыруу жолу конкреттүү иш-чаралардын системасы аркылуу көрсөтүлгөн.

## 2. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ

**Негизги багыттар:**

- жыл сайын стратегиялык жана учурдагы пландардын, билим берүү максаттарынын, окутуунун натыйжаларынын аткарылышын иликтөө, аткаруунун натыйжаларын талдоо жана тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү;
- учурдагы талаптарга дал келген факультеттин ички сапат системасын өнүктүрүү;
- факультеттин негизги багыттарына мониторинг менен маркетинг жүргүзүү.
-

| № | Жылдар | Иш-чара | Аткаруу |
| --- | --- | --- | --- |
| 1. | | **Факультеттин ички сапат системасын өнүктүрүү** | |
| | 2022-23 | ● ЖАМУ ТИПФнын өнүгүүсүнүн комплекстүү жана стратегиялык пландарынын негизинде иш алып баруу;<br>● сапат системасын өнүктүрүүгө багытталган иш-чараларды пландоо жана өткөрүү:<br>- иш-кагаздарын актуалдаштыруу;<br>- өнүгүүнүн перспективалык планын калыптандыруу жана аны ишке ашыруу;<br>- билим берүү процессин талдоо боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгуу;<br>- сапат системасынын маалыматтык моделин өнүктүрүү<br>- AVN системасын факультетттин бардык структуралык бөлүмдөрүнө толук киргизүү, иштетүү | |
| 2. | | **Факультеттин негизги багыттарына мониторинг менен маркетинг жүргүзүү** | |
| | 2022-23 | ● факультеттин сапат системасынын процесстерине маркетингдик изилдөөлөрдү жүргүзүү<br>● маркетингдик изилдөөлөрдү 100% автоматташтыруу<br>● факультеттин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарына мониторингди ишке ашыруу | |
| 3. | | **Сапат системасынын өркүндөтүү** | |
| | 2022-23 | ● факультеттин ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдөгү моделинин сапат системасына өздүк баалоону өткөрүү<br>● критерийлер боюнча сапат системасынын натыйжалуулугуна динамикалык талдоолорду жүргүзүү<br>● факультеттин ишмердүүлүгүнүн стандартка шайкештигин баалоо | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • факультеттитеги негизги процесстердин натыйжалуулугун баалоо<br>• факультеттин билим берүү системасына инвестицияларды тартууну өнүктүрүү<br>• студенттердин академиялык мобилдүүлүгү боюнча иштерди өркүндөтүү | |

**Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашырууга, көзөмөлдөөгө жана кайра кароого билим берүү уюмунун жетекчилиги, кызматчылары, студенттери жана кызыкдар тараптардын катышуусу.**

| № | Жылдар | Иш-чара | Аткаруу |
|---|---|---|---|
| 1. | 2022-2026 | Билим берүүнүн сапатын жогорулатууга кызыкдар тараптардын-студенттердин ата-энелеринин, билим берүү уюмдарынын, жумуш берүүчүлөрдүн, социалдык өнөктөштөрдүн сунуш-пикирлерин камтыган иш план түүзүү менен бирдиктүү иш алып баруу; | |
| 2. | 2022-23 | Негизги билим берүү программасын түзүүдө студенттердин, ата-энелердин, билим берүү уюмунун, жумуш берүүчүлөрдүн, социалдык өнөктөштөрдүн сунуш-пикирлерин эсепке алуу менен түзүү; | |
| 3. | 2022-26 | Факультеттин кафедраларында түзүлгөн ата-энелер комитети менен тыгыз иш алып баруу | |

## 3. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ, БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА МЕЗГИЛИ МЕНЕН БААЛОО

ЖАМУнун миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык аныкталган билим берүү программасынын билим берүү максаттарын ишке ашыруу.

**Негизги багыттар:**

- ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларын долбоорлоодо методикалык камсыздоону өркүндөтүү
- окутуу менен тарбиялоонун методдорун, формаларын жана мазмунун өркүндөтүү;
- окутуучулар курамынын педагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатуу;
- окутуучулар курамынын чыгармачылык потенциалын өнүктүрүү;
- факультеттин окутуучулар курамынын педагогикалык квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чараларды уюштуруу;
- жогорку профессионалдык билим берүүнү эффективдүү ишке ашыруу максатында заман бап технологияларды жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды колдонуу;

- факультеттин окутуучулар курамынын баалоо системасы боюнча методикалык иштерин өркүндөтүү

| № | Жылдар | Иш-чара | Аткаруу |
|---|---|---|---|
| 1. | | **Ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларын долбоорлоодо методикалык камсыздоону өркүндөтүү** | |
| | 2022-2023 | ● жаңы билим берүү программаларын ишке ашырууда колдонулуп келе жаткан методикалык материалдардын жарактуулугун, алардын эффективдүүлүгүн баалоо жана талдоо<br>● факультетте жаңы багыттарды ачуу менен алардын билим берүү программаларын иштеп чыгуу, методикалык жактан камсыздоону апробациялоо | |
| 2. | | **Факультеттин окутуучулар курамынын педагогикалык квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чараларды уюштуруу** | |
| | 2022-2026 | ● окутуучуларды жыл сайын педагогикалык квалификациясын жогорулатуу курстарына жөнөтүүнү уюштуруу | |
| 3. | | **Жогорку профессионалдык билим берүүнү эффективдүү ишке ашыруу максатында заман бап технологияларды жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды колдонуу** | |
| | 2022-2026 | ● мектептерде педагогикалык чыгармачылык, семинарлар аркылуу сабактарды уюштуруу менен практикага багытталган окутуунун методикалык базасын иликтөө<br>● методикалык жактан ишмердүүлүктү өнүктүрүү максатында окутуучулар арасында чыгармачылык топторду түзүү<br>● факультеттин окутуучулар курамынын семинарлардан, курстардан алган методикалык тажрыйбаларын кафедралар арасында жайылтуу<br>● факультеттин кафедраларында уюштурулган ачык сабактардын сапатын талдоо менен колдонулган методдорду жайылтуу | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4. | | **Факультеттин окутуучулар курамынын баалоо системасы боюнча методикалык иштерин өркүндөтүү** | |
| | 2022-26 | ● окутуучулар курамынын методикалык иштерин рейтингдик бааланышын өнүктүрүү жана өркүндөтүү<br>● портфолиого окутуучулардын методикалык жетишкендиктерин топтоо<br>● факультетте методикалык иштерди колдоо максатында түрдүү конкурстарды уюштуруу (новатор-педагог, мыкты методист, мыкты лектор ж.б.)<br>● КР ББжИМ тарабынан киргизилген жаңы талаптарга ылайык методикалык иш-кагаздарды өзгөртүп туруу<br>● дисциплиналардын окуу-методикалык комплексин жаңы талаптарга ылайык өзгөртүп түзүү | |

## 4. ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУГА ЖАНА СТУДЕНТТЕРДИН ЖЕТИШҮҮСҮН БААЛОО

Педагогикалык усулдарды, билим берүүнүн формаларын жана технологияларын баалоо жана түзөтүү үчүн студенттер менен үзгүлтүксүз өз ара байланышты күчөтүү.

**Негизги багыттар:**

- жогорку билим берүүнүн талаптарына жооп берген, адистерди даярдоонун сапатын баалоо үчүн көзөмөл-өлчөөчү материалдарды иштеп чыгуу жана өркүндөтүү
- студенттердин билимин баалоонун технологияларын жана формаларын аныктап, семинарлар менен курстарга катышуу менен өркүндөтүү

| № | Жылдар | Иш-чара | Аткаруу |
|---|---|---|---|
| 1. | | **Жогорку билим берүүнүн талаптарына жооп берген, адистерди даярдоонун сапатын баалоо үчүн көзөмөл-өлчөөчү материалдарды иштеп чыгуу жана өркүндөтүү** | |
| | 2022-2026 | ● студенттердин ээ болгон компетенцияларын баалоонун системасына тиешелүү маселелерди иликтөө, методикалык сунуштарды иштеп чыгуу<br>● компетенцияларды баалоо боюнча окутуучулар курамын атайын окутуу | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ● студенттердин билимин баалоо боюнча мониторингдерди уюштуруу | |
| 2. | | **Студенттердин билимин баалоонун технологияларын жана формаларын аныктап, семинарлар менен курстарга катышуу менен өркүндөтүү** | |
| | 2022-2026 | ● инсанга багытталган окутууга жана студенттердин жетишүүсүн баалоонун жыйынтыктарын жогорку сапатка чыгаруу<br>● студенттердин ар кыл топторунун керектөөлөрүн аныктап, аларды кошумча курстар, ийримдер аркылуу окуу процессине болгон канааттануусуна керектүү шарттарын түзүү<br>● кафедралардын окуу кааналарын окуу жайдын администрация жетекчилигинин, кафедралардын өздүк курамынын жардамы менен заманбап окутуу каражаттары, технологиялары менен жабдуу<br>● окуу процессин уюштурууда динамикалуу билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүү, студенттердин окуу жана илимий изилдөөлөр жаатындагы натыйжалуу өз ара иштешүүлөрүн камсыздоо<br>● ар бир студентте инсандык, социалдык жана кесиптик милдеттерин өнүктүрүү үчүн окутуунун электрондук каражаттарын, окутуунун инновациялык технологияларын колдонууну үйрөтүү, аларды өздөштүрүүсүнө тиешелүү шарттарды түзүү | |

## 5. СТУДЕНТТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ, БИЛИМ БЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫН ТААНУУ ЖАНА СТУДЕНТТЕРДИН БҮТҮРҮҮ

Жогорку кесиптик билим берүү багытына студенттерди кабыл алууга, билим берүүнүн натыйжаларын таанууга жана студенттерди бүтүрүүгө карата чен-өлчөмдөр

**Негизги багыттар**:

- кесипке үгүттөө иштерин өркүндөтүү
- кызыкдар тараптар үчүн кошумча билим берүү кызматын көрсөтүүнү өнүктүрүү

- мекеме, ишканалар менен өндүрүштөр менен социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү
- бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун талдоо жана ишке орношуусуна көмөктөшүү

| № | Жылдар | Иш-чара | Аткаруу |
|---|---|---|---|
| 1. | | **Кесипке үгүттөө иштерин өркүндөтүү** | |
| | 2022-2026 | ● кесипке үгүттөө иштеринин планын республикабыздын мектептеринде ишке ашыруу<br>● факультетте иштеп жаткан туруктуу кабыл алуу комиссиясынын (ТКАК) ишмердүүлүгүн күчөтүү<br>● факультетте математика, физика, ата-мекен тарыхы,биология,химия, чет тили жана кыргыз тили боюнча ЖРТ даярдоо курстарын түзүү<br>● маалымат-массалык каражаттарында, сайттарда факультет тууралуу маалыматтарды кеңири чекте берүү<br>● башка окуу жайлар жана мекемелер менен кызматташууну күчөтүү | |
| 2. | | **Кызыкдар тараптар үчүн кошумча билим берүү кызматын көрсөтүүнү өнүктүрүү** | |
| | 2022-2026 | ● шаардын жана ага жакын аймактарда билим берүү кызматын көрсөтүүнүн абалына жана эмгек рыногуна мониторинг жүргүзүү<br>● жаңы багыттарды ачуу, кошумча билим берүүнүн системасын өркүндөтүү | |
| 3. | | **Мекеме, ишканалар менен өндүрүштөр менен социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү** | |
| | 2022-2024 | ● бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусуна кепилдик берген системаны түзүү жана өркүндөтүү<br>● шаардын жана ага жакын аймактардагы мекемелер, ишканалар жана өндүрүштөр менен кызматташуу тууралуу келишимдерди түзүү<br>● социалдык өнөктөштөргө билим берүү жаатындагы өзгөрүүлөр тууралуу маалыматтарды кабарлап туруу | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4. | | **Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун талдоо жана ишке орношуусуна көмөктөшүү** | |
| | 2022-2026 | ● бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу тууралуу маалыматтарды топтоо жана талдоо<br>● шаардын жана ага жакын аймактардагы “Ишке орноштуруу борборлору” менен кызматташууну өркүндөтүү<br>● мекемелер, ишканалар жана өндүрүштөр менен “тегерек столдорду”, семинарларды уюштуруу | |

## 6. ОКУТУУЧУЛУК ЖАНА ОКУТУУЧУ-КӨМӨКЧҮ КУРАМГА ТИЕШЕЛҮҮ МААЛЫМДООЛОР

ЖАМУ ТИПФнын окутуучулук жана окутуучу-көмөкчү курамды жумушка кабыл алуунун, кызматтан жогорулатуунун Кыргыз Республикасынын эмгек боюнча мыйзамына жараша ачык-айкын жана объективдүү чен-өлчөмдөрүнүн негизинде жүргүзүлүшү.

**Негизги багыттар**:

- факультеттин жетекчилик, окутуучулар жана окутуучу-көмөкчү курамынын квалификациясын жогорулатуу системасын өнүктүрүү
- факультеттин жетекчилик, окутуучулар жана окутуучу-көмөкчү курамын аттестацияга даярдоо системасын өркүндөтүү
- факультеттин кызматкерлеринин профессионалдык ишмердүүлүгү үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү
- профессордук-окутуучулар курамынын жана студенттердин илимий-изилдөө иштерин өркүндөтүү

| № | Жылдар | Иш-чара | Аткаруу |
|---|---|---|---|
| 1. | | **Факультеттин жетекчилик, окутуучулар жана окутуучу-көмөкчү курамынын квалификациясын жогорулатуу системасын өнүктүрүү** | |
| | 2022-2026 | ● бардык багыттар боюнча билим берүү процессин уюштурууда факультеттин жетекчилигинин, окутуучулар жана окутуучу-көмөкчү курамынын квалификациясын жогорулатууну уюштуруу<br>● факультеттин ички системасында окутуучулар жана окутуучу-көмөкчү курамынын педагогикалык квалификациясын жогорулатуу системасын өнүктүрүү, мониторинг системасын жакшыртуу жана корректирлөө | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ● факультеттин ички системасында жаңы багыттарды ишке ашыруунун эсебинен квалификацияны жогорулатуу системасын өркүндөтүү (окутуунун жаңы технологияларын колдонуу, маалыматтык технологияларды колдонуунун негизерине окутуу ж.б.) | |
| 2. | | **Факультеттин жетекчилик, окутуучулар жана окутуучу-көмөкчү курамын аттестацияга даярдоо системасын өркүндөтүү** | |
| | 2022-2026 | ● факультеттеги профессордук-окутуучулар курамынын жана кызматкерлеринин аттестациядан өтүүнүн тартиби тууралуу локалдык жобону иштеп чыгуу<br>● белгиленген иш-чараларды план боюнча ишке ашыруу | |
| 3. | | **Факультеттин кызматкерлеринин профессионалдык ишмердүүлүгү үчүн ыңгайлуу шарттар менен камсыздоо** | |
| | 2022-2026 | ● факультеттин кызматкерлеринин педагогикалык ишмердүүлүгүн мотивациялоонун жана стимулдаштыруунун механизмдерин өркүндөтүү<br>● жаш окутуучуларды жана кызматкерлерди ишке тартууга жана бекитүүгө багытталган эффективдүү кадрдык саясатты калыптандыруу<br>● окутуучулар курамынын жана башкаруучулук кызматкерлердин кадрдык резервин калыптандыруу | |
| 4. | | **Профессордук-окутуучулар курамынын илимий-методикалык иштери** | |
| | 2022-2026 | ● окутуучулардын инновациялык ишмердүүлүккө тартылуусуна мониторинг жүргүзүү<br>● шаардык, областык, республикалык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларга жана семинарларга катышуу (жыл сайын 10% кем эмес окутуучу) | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ● факультетте илимий-практикалык конференцияларды, семинарларды өткөрүү<br>● илим-изилдөө иштерин тартиптүү негизде жүргүзүү жана илимий кадрларды даярдоо максатында түзүлгөн техникалык жана экономикалык багыттар боюнча “Илимий мектептин” ишин активдүү уюштуруу<br>● “Электроэнергетика жана электротехника” багыты боюнча виртуалдуу илимий лаборатория түзүү<br>● Электроэнергетика тармагы боюнча “Окуу борборун” түзүп, аймактык окуу жайлар менен биргеликте тыгыз иш алып баруу<br>● окутуучулардын жана студенттердин илимий макалаларын басмадан чыгаруу (жыл сайын 5 кем эмес)<br>● окутуунун жаңы технологиялары боюнча педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү<br>● илимий потенциалдуу кадарларды даярдоого аспирантурага багыттоо (2 жылда 1 кызматкерди)<br>● илимий-изилдөө мекемелер, ишканалар жана чыгармачылык коомчулуктар менен өз ара байланышты чыңдоо жана уюштуруу<br>● илимий-изилдөө иштерине инвестицияларды тартуунун жолдорун иштеп чыгуу, аныктоо, табуу | |
| 5. | | **Студенттердин илимий-изилдөө иштери** | |
| | 2022-2026 | ● студенттердин илимий коомчулугун түзүү<br>● жыл сайын студенттердин илимий-практикалык конференцияларын жана предметтик олимпиадаларды уюштуруу<br>● башка окуу жайларда уюштурулаган илимий-практикалык конференцияларга жана предметтик олимпиадаларга катышуу<br>● студенттик чөйрөдө студенттердин конференциялардагы, олимпиадалардагы жетишкендиктерин даңазалоо | |

## 7. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА

Факультеттин материалдык-техникалык базасын жогорку кесиптик билим берүүнүн талаптарына дал келген деңгээлде жабдуу

**Негизги багыттар**:

- факультеттеги лабораториялардын материалдык-техникалык базасын модернизациялоо
- факультеттин аудиторияларынын материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү
- факультеттин окуудан сырткары ишмердүүлүгүнүн материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү

| № | Жылдар | Иш-чара | Аткаруу |
|---|---|---|---|
| 1. | | **Факультеттеги лабораториялардын материалдык-техникалык базасын модернизациялоо** | |
| | 2022-2026 | ● энергетика, биология багыттарынын лабораторияларына заманбап жабдуулар жана каражаттар менен камсыздоо | |
| 2. | | **Факультеттин аудиторияларынын материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү** | |
| | 2022-2026 | ● мультимедиялык комплекстер менен камсыздоо<br>● окуу жабдыктары (мебель) менен жабдуу<br>● КР экономика жана энергетика илимий-изилдөө институтунун лабораториясын ачуу | |
| 3. | | **Факультеттин окуудан сырткары ишмердүүлүгүнүн материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү** | |
| | 2022-2026 | ● Факультеттин имараттарын, окуу кааналарында капиталдык оңдоо-түзөө иштерин жүргүзүү<br>● оргтехника, инвентарь жана тиричилик эмеректерин (жатакана үчүн) алуу<br>● факультеттин маданий-массалык иш-чаралары үчүн (костюмдарды, жабдыктарды) реквизиттерди жаңылоо | |

## 8. ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

Тарбиялык чөйрөнү өркүндөтүү максатында тарбия жаатындагы ишмердүүлүктү башкаруунун эффективдүү системасын калыптандыруу, факультетти эл аралык билим берүү мейкиндигине киргизүү.

**Негизги багыттар**:

- студенттер менен сабактардан сырткары тарбиялык иштерди уюштуруу жана башкаруу
- тарбиялык иштер багытындагы кызматкерлердин (кафедралардагы тарбиялык иштер боюнча жооптуулардын, Жаштар комитетинин) кесипкөйлүк компетенттүүлүгүн жогорулатуу
- социалдык өнөктөштөр менен тарбиялык ишмердүүлүктөрдү өнүктүрүү
- студенттердин жүрүм-туруму, спорттук денсоолукту чыңдоо багытындагы иштерди өнүктүрүү
- маалыматтык мейкиндикти кеңейтүү
- чет элдик окуу жайлар менен түз кызматташтык байланыштарды түзүү
- эл аралык тажрыйбаларды колдонуу менен билим берүү процессин өркүндөтүү, адаистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу

| № | Жылдар | Иш-чара | Аткаруу |
|---|---|---|---|
| 1. | | **Студенттер менен сабактардан сырткаркы жана тарбиялык иштерди уюштуруу жана башкаруу** | |
| | 2022-2026 | ● 2022-2026 окуу жылдарына карата факультеттин тарбиялык иштер боюнча комплекстүү программасын иштеп чыгуу<br>● Студенттердин өзүн-өзү башкаруу комитетин калыптандыруу | |
| 2. | | **Тарбиялык иштер багытындагы кызматкерлердин (кафедралардагы тарбиялык иштер боюнча жооптуулардын, Жаштар комитетинин ) кесипкөйлүк компетенттүүлүгүн жогорулатуу** | |
| | 2022-2026 | ● Тарбиялык иштер боюнча жооптуулардын квалификациясын жогорулатуу<br>● Тарбиялык иштер боюнча окуу-методикалык иштелмелерди иштеп чыгуу | |
| 3. | | **Социалдык өнөктөштөр менен тарбиялык ишмердүүлүктөрдү өнүктүрүү** | |
| | 2022-2026 | ● чыгармачылык багыттагы шаардык, областык, республикалык деңгээлдеги коомдук-маданий иш-чараларга катышуу<br>● окуу жайлар аралык, шаардык областык жана республикалык деңгээлдеги спорттук иш-чараларга катышуу | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ● тарбиялык иштер жаатындагы түрдүү багыттар боюнча конференция, семинарларды уюштуруу, тажрыйбаларды таратуу | |
| 4. | | **Студенттердин жүрүм-туруму, спорттук ден-соолукту чыңдоо багытындагы иштерди өнүктүрүү** | |
| | 2022-2026 | ● кошумча билим алууга умтулган жана спорт секцияларда машыккан студенттердин санын көбөйтүү<br>● укуктук база боюнча студенттер арасында кеңеш түзүү жана анын ишин уюштуруу | |
| 5. | | **Маалыматтык мейкиндикти кеңейтүү** | |
| | 2022-2026 | ● шаардык, областык, республикалык деңгээлде маалыматтык-массалык каражаттары менен тыгыз иш алып баруу<br>● факультеттин сайтына тарбиялык иштер боюнча өткөрүлгөн иш-чаралар тууралуу маалыматтарды жайгаштыруу | |
| 6. | | **Чет элдик окуу жайлар менен түз кызматташтык байланыштарды түзүү** | |
| | 2022-2026 | ● эл аралык деңгээлдеги долбоорлорго катышуу<br>● эл аралык конференцияларга, семинарларга катышуу<br>● эл аралык стандарттардын талаптарын эске алуу менен билим берүү программаларын интеграциялоо боюнча программаларга катышуу | |

## 9. МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫ КООМЧУЛУККА ЖЕТКИРҮҮ

Башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында маалыматты башкарууга жана аны коомчулукка жеткирүүгө карата чен-өлчөмдөр.

**Негизги багыттар:**

- факультеттин билим берүү процессине маалыматтык-коммуникативдик технологияларды кийрүүнү улантуу
- программалык камсыздоого тиешелүү жабдууларды алуу
- факультеттин маалыматтык мейкиндигин кеңейтүү
- факультеттин ички жана сырткы порталдарын өнүктүрүү
- факультеттин программалык камсыздоосун лицензиялоо

- окуу процессинде заман бап электрондук окуу материалдарын колдонуу жана түзүү
- жаңы маалыматтык технологияларды башкаруу жана аларды окуу процессинде эффективдүү колдонууга жөндөмдүү окутуучуларды жана кызматкерлерди даярдоо

| № | Жылдар | Иш-чара | Аткаруу |
|---|---|---|---|
| 1. | | **Программалык камсыздоого тиешелүү жабдууларды алуу** | |
| | 2022-2026 | ● автоматташтырылган долбоорлорду түзүү боюнча лаборатория ачуу жана анын ишин өркүндөтүү<br>● бардык окутуучуларды жана кызматкерлерди компьютердик техникалар менен камсыз кылуу | |
| 2. | | **Факультеттин маалыматтык мейкиндигин кеңейтүү** | |
| | 2022-2023 | ● бардык адистиктер боюнча бүтүрүүчүлөрдүн маалыматтарын толук жыйноо жана аны сайтка жайгаштыруу<br>● факультетте интернет ресурстарын толук колдонууну камсыздоо<br>● факультеттин локалдык тармагынын ишин өркүндөтүү | |
| 3. | | **Уюштуруу иш-чаралары** | |
| | 2022-2026 | ● факультетте маалыматтык технологияларды колдонуу боюнча нормативдиу-укуктук иш-кагаздардын базасын түзүү<br>● маалыматтарды коргоо боюнча (вирустардан, санкцияланбаган кирүүдөн) атайын иш-чараларды өткөрүү<br>● окуу-тарбиялык процессти маалыматташтыруу жана башкаруу боюнча нормативдик-башкаруучулук иш-кагаздарды түзүү<br>● факультетте окуу процессин автоматташтырылган башкаруусун өркүндөтүү | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ● электрондук китепкананын ишин күчөтүү, жаңы окуу-усулдук материлдар менен толуктоо<br>● мамлекеттик стандартын талабын ишке ашыруу боюнча электрондук окуу-методикалык комплекстерди түзүү<br>● студенттерди долбоорлорду түзүүгө үйрөтүү жана катыштыруу | |

**ЖАМУ ТИПФнын стратегиялык планын ишке ашыруудан күтүлүүчү натыйжалар:**

- мамлекеттик билим берүү стандарттарында каралган билим берүүнүн сапатына жетишүү;
- билим берүү процессин материалдык-техникалык жактан камсыздоо боюнча модернизациялоону жүргүзүү, окуу-өндүрүштүк процесстин материалдык-техникалык базасын нормативдерге чейин жеткирүү;
- окутуучулардын жана кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу үзгүлтүксүз жүргүзүү;
- шаардын жана ага жакын жайгашкан аймактардагы негизги мекемелер, ишканалар жана өндүрүштөр менен өз ара мамилелерди өркүндөтүү;
- факультеттин жалпы жамаатынын окуу-методикалык иштелмелерди түзүү, иштеп чыгуу жана колдонуу боюнча, окуу каражаттарын жана маалыматтык технологияларды колдонушу боюнча иштерин системалаштыруу;
- башкаруучулук ишмердүүлүктө жана билим берүү процессинде компьютердик технологияларды колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү;
- факультеттин кызматкерлеринин материалдык жактан камсыздалышын жогорулатуу;
- факультеттин окутуучуларынын, студенттеринин жана кызматкерлеринин арасында социалдык-психологиялык чөйрөсүн жакшыртуу.